**Изденүүчү Айбашова Тазагүл Матраимовнанын « Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

**БҮТҮМҮ**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**: педагогика илимдеринин доктору, доцент М.М.Сыдыкбаева.

Изденүүчү Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, окуучулардын жазуу, сүйлөө маданияттарын калыптандырууга арналган теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты.**

Жалпы билим берүүчү мектептердин ортоңку класстарына кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү.
- мектептин 5-9-класстарында функционалдык стилдер боюнча окуучулардын билим сапатын жана билгичтик деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы

мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;

- жогорку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо;
- иштелип чыгып, сунушталган моделдин жана методикалык усулдардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Диссертациянын изилдөө объектиси.**

Жалпы билим берүүчү мектептердин ортоңку класстарына кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү процесси.

**Изилдөөнүн методдору:** Изилдөөнүн темасы боюнча психологиялык, педагогикалык, усулдук эмгектерди талдоо жана колдонуу, сурамжылоо, аңгемелешүү, салыштыруу, баарлашуу, билим деңгээлин аныктоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Бүгүн кыргыз тилин өнүктүрүү мезгилдин орчундуу талабы. Мамлекеттик тил – улуттун иденттүүлүгүн аныктаган негизги фактор, чыныгы юридикалык маанисинде мамлекеттин аймагында коомдук турмуштун бардык тармагында мыйзамдуу түрдө милдеттүү колдонулуучу тил. Маалымат каражаттарындагы, телерадиодо, гезит-журналдарда так, мазмундуу сүйлөнүшү же жазылышы көңүл чордонун ээлемек. Алардагы стилдик жана стилистикалык, грамматикалык каталарга назар салбасак, тилдин тазалыгы кайда калат.

Жалпылап айтканда, тилдин тазалыгын сактоо, айрыкча, бала бакча, мектеп, массалык маалымат каражаттарынан түптөлөт.

Ошого байланыштуу илимий иштин актуалдуулугу болуп, жалпы билим берүүчү мектептердин ортоңку класстарына кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү окуучулардын стилдик жактан сабаттуу жазуу маданиятын үйрөнүүсүнүн учурдун талаптарына жооп бербей, шарттарга айрым учурларда ылайык келбегендиги саналат. Инсанга багытталган билим берүү шарттарында,

функционалдык стилдерди окутуу окуучуларынын жазуу тилин жана жазуу маданиятын окутуунун алгачкы стадиясында калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүнүн методдорун максаттуу издөө жана ишке киргизүүнүн объективдүү зарылдыгы кескин өсүүдө, ал программалык талаптар менен кенже мектеп окуучуларынын жазуу тилин, жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн реалдуу деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктарды жоюуга мүмкүндүк берет. Иштин илимий-теориялык актуалдуулугу катары педагогикалык факультеттердин студенттерине болочоктогу окуучусунун сабаттуулугун жоюу маселесин изилдеген эмгектердин санынын аздыгы. Айбашова Тазагүл Матраимовнанын өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө кыргыз тилин окутууда өзгөчө мектеп окуучуларынын жазуу маданияты боюнча функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун илимий дидактикалык негиздерди карап, изилдеп, сабакта кандай тартипте, кантип колдонуунун илимий-методикалык жол-жоболорун атайын изилдөөгө алган. Мектеп мугалимдерине методикалык колдонмолордун зарылдыгы, алар үчүн методикалык жардамдардын жоктугун да баса көрсөткөн.

Мына ушундай зарылчылыктан улам, орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, окуучулардын сабаттуу жазуу маданиятын калыптандыруунун, өстүрүүнүн шарттары, методикалык проблемалары тууралуу изилденгендиги иштин актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

- кыргыз тилинин фукционалдык стилдерин ортоңку класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери иштеп чыгуу;
- кыргыз тилинин фукционалдык стилдерин окутууда сабактарга тиешелүү иштелип чыккан усулдарын бирдиктүү бир бүтүн системага салуу.
- кыргыз тили предметинин программасынын жана окуу китептеринин функционалдык стилдерге тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт;
- кыргыз тили боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт;
- жогорку класстарда функционалдык стилдерди окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт;
- изилдөөнүн материалдары мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат;

- кыргыз тили боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардам берет.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, жазуу стилдерин калыптандыруу процессинде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү, жазуу стилдерин өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, ортоңку класстардын окуучуларына кыргыз тили сабагында стилдерди туура колдонуу менен жазуу, суйлөө стилдерин калыптандырууга, өстүрүүгө багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби ортоңку класстардын окуучуларынын функционалдык стилдик сабатын калыптандыруу, көнүктүрүү боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби, орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, ортоңку класстардын окуучуларынын сүйлөө, жазуу стилдерин өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү, көргөзүү, үйрөтүүү процессинде окуучулардын маалымат алуучулук, тилдик. кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү менен бирге мугалимдерге зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, ортоңку класстардын окуучуларына стилдер боюнча түшүнүктөрүн калыптандыруу, өстүрүү процессинде кыргыз тили сабагындагы жазуу, сүйлөө стилдерин калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү сунуштар орто мектептердин окуучуларына функционалдык стилдерди окутууда, үйрөтүүдө, калыптандырууда илимий дидактикалык негиздер боюнча шарттарды түзүү, ортоңку класстардын окуучуларын окутуунун жаңы концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен окуу китептеринин жаңы муунун түзүүгө жана жазуу маданиятын калыптандырууга карата конкреттүү материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий - методикалык материалдар мектеп мугалимдерине ортоңку класстардын окуучуларын окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Аталган эмгек окуучулардын билимин текшерүүдө, татаал процесстерди моделдөөдө. эксперименттерди жүргүзүүдө жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Орто мектептердин ортоңку класстарынын окуучуларына функционалдык стилдерди, аларды жаза билүүсүн калыптандырууну үйрөтүүнүн, өстүрүүнүн дидактикалык негиздери, жана ушул нерселерди ортоңку класстардын окуучуларына калыптандыруу, өркүндөтүү боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Диссертациялык иштин материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Айбашова Тазагүл Матраимовнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа:** Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, ортоңку класстардын окуучуларына стилдер боюнча жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери боюнча шарттарды түзүүнүн, калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Стиль», «Стилистика» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, орто мектептердин ортоңку класстарынын окуучуларына стилдер боюнча түшүнүктөрүн калыптандыруунун илимий дидактикалык негиздери боюнча шарттарды түзүү, ортоңку класстардын окуучуларынын жазуу стилдерин, сүйлөө стилдерин калыптандыруу менен стилдик сабаттуулугун өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, ортоңку класстардын окуучуларын жазуу, сүйлөө стилдерин калыптандыруунун илимий дидактикалык негизде карап, стилдер жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн оптималдуу

ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**


**1.** Айбашова Т. М. Тил – улуттун атрибуту И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018 (атайын чыгарылыш). – 129-135- бб. ISSN: 1694-7851

**2.** Айбашова Т. М. Ортоңку класстарда иш кагаздар стилинин лексикалык өзгөчөлүктөрүн окутуу И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018 (атайын чыгарылыш). –125-129-бб. ISSN: 1694-7851

**3.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарында зат атоочтун жөндөмө категорияларынын колдонулушу ОшМУнун жарчысы. – 2021. – Т.2, № 4. – 27-33-бб. ISSN: 1694-7452

**4.** Айбашова Т. М. Ортоңку класстарда иш кагаздарын окутуунун айрым маселелери Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 2, часть 5. – 87-97-бб.ISSN: 2524-0986

**5.** Айбашова Т. М. Обучение применению категории наклонения, лица и времени глагола в официально-деловом стиле Эпоха науки. – Ачинск, 2022. – №29. – 176-182-бб. eISSN: 2409-3203

**6.** Айбашова Т. М. Опора на стилистику словообразования при обучении частям речи Эпоха науки. – Ачинск, 2022. – №29. – 183-187-бб. eISSN: 2409-3203

**7.** Айбашова Т. М. Отчет түзүүнү окутуунун усулдары Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 4, часть 4. – 38-47-бб. ISSN: 2524-0986

**8.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарында этиштин мамиле категориясынын колдонулушун окутуу Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 4, часть 4. – 47-54-бб. ISSN: 2524-0986

**9.** Айбашова Т. М. Токтомду окутуунун усулдары Окутуунун инновациялык технологиялары илимий-методикалык журнал. – 2022. №15. – 64-72. ISBN: 1694-7118

**10.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарында этиштин чак жана жак категорияларынын колдонулушун окутуу Наука, новые технологиии иновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. –№1. – 146-150- бб. ISSN 1694-8483. ISSN 1694-8491 (эл.вар.)

**11.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутууда сөз түркүмдөрүнүн орду. Наука, новые технологиии иновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. –№1. – 150-154- бб. ISSN 1694-8483. ISSN 1694-8491 (эл.вар.)

**12.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутуу: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу куралы [Текст] / Т. Аширбаев, Т. Айбашова // – Бишкек, 2002. – 64 б.

**13.** Айбашова Т. М. Кыргыз тили: жогорку окуу жайынын математика информатика багытында окуган студенттер үчүн практикалык курстун окуу колдонмосу жана мектеп окуучулары үчүн кошумча окуулук [Текст] / Абдышова З., Айбашова Т., Мураталиева У. // - Бишкек, 2020. – 240 б.

**14.** Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутуу: бардык жогорку окуу жайларынын окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдери үчүн [Текст] / Айбашова Т., Кенжебаева А., Мураталиева У. // - Бишкек, 2022. – 188 б.

**Автореферттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**
Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**
1.Диссертацияда «Орто мектепте кыргыз тилинин фукционалдык стилдерин окутуунун методикасы» деп аталган 3-глава иштин негизги бөлүгү болуп саналат. Аталган главада изилдөөчү темадан алыстап, тиешеси жок маалыматтарды берген учурлар да кезигет. Бул болсо жөн эле иштин көлөмүн көбөйтүүгө арналгандай. Толуктап, карап чыгуу зарыл.
2. Методикага басым жасалыш керек ( 1-глава).
3. 1-3-главалар боюнча чыгарылган корутундулар жетишсиз. Толуктоо зарыл.
4. Диссертациялык иште колдонулган адабияттардын ичинен 1953-жылдагы, 1961-жылдагы китептер берилген. Кийинки жылдардын, б.а. санариптик технологиянын учурундагы адабияттарды көбүрөөк пайдалануу сунуш кылынат.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди ондосо болот. Алар иштин жалпы аткарылыш деңгээлин, мазмунун алсыратпайт. Айтылган сунуштар, сын-пикирлер изилдөө ишинин сапаттык жактан көтөрүлүшүнө карата айтылды. Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутууну калыптандыруу үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздерине арналган, толук иштелип чыккан эмгек деп эсептейм .

Диссертациялык иш, анын автореферати менен толук таанышып, окуп чыккандан кийин эксперт катары төмөнкүдөй бүтүмгө келдик:

Т.М. Айбашованын диссертациялык иши 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча мындай иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет.

Иш актуалдуу темага арналып, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылынат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Кыргыз-Россия факультети, Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы сунуш кылынды.
Аталган кафедрада 13.00.02 шифрде 2 доцент, жалпы 7 доцент эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент катары** К.Д. Добаевди, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын башкы илимий кызматкерин сунуштайт. (Автореферат адистиги 13.00.02 - кыргыз тили) изилдөө проблемасына жакын эмгектери бар:
1. Добаев К. Д. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси // Эл агартуу. – 2023. - № 1-2. – 15-21-бб.
2. Добаев К. Д. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2022. - № 2. – 41-49-бб.
3. Добаев К. Д. Значение слова с национально-культурным компонентом на уроках кыргызского языка в русскоязычной начальной школе // Сборник материалов Международного научного конгресса “Русский язык в глобальном научном и образовательном пространстве”. – 6-10 декабря 2021. – С. 444-447.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сагынбаева Гүлира Ишемакуновнаны сунуштайт (13.00.02).
Анын эмгектери:
1. Сагынбаева Г.И., «Кыргыз тилин окутууда накыл сөздөрдүн мааниси», Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань 41-43-бб.
2. Сагынбаева Г.И., «Кыргыз тилин эне тили катары окутууда келечек муунду сөздү баалоого тарбиялоо». Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань 41-43-бб.
3. Сагынбаева Г.И., «Учурда жаштарды атуулдукка, ыймандуулукка, мекенчилдикке тарбиялоодогу айрым маселелер”. БГУ жарчысы, №3 (45) - 2018-ж., 308-бет.
4. Сагынбаева Г.И., Дарманова З.А., «Студенттерге, алардын өз алдынча иштөөсү боюнча айрым методикалык сунуштар», Арабаев атындагы КМУнун Кыргыз тили жана адабияты журналы, №10, -Б., 2018 22-бет.
5. Сагынбаева Г.И., Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуунун методикасы (башталгыч орус мектептеринин мугалимдери үчүн окуу-методикалык колдонмо), -Б., 2019-ж.

6. Сагынбаева Г.И., “Мектепке чейинки балдардын кебин өстүрүүнүн айрым жолдору”, IX Эл аралык илимий практикалык конференция, Казакстан г. Нур - Султан, 2020-ж.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
педагогика илимдеринин доктору, доцент Сыдыкбаева М.М.

Дата поступления в ДС Д 13.23.673 заключения 31.10.2024г

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ